| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ |

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 14-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

"11" 02 2026-ж №152 Кызыл-Суу айылы

**Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишердин 2025-жыл ичинде социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылышынын иши жөнүндө**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишердин 2025-жыл ичинде социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылышы боюнча берген маалыматын угуп жана талкуулап, жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат.**

1. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишердин 2025-жыл ичинде социалдык экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылышы боюнча отчету жактырылсын.

2.Кызыл-Суу айылынын башкы планына ылайык, көчөлөрдү кеңейтүүнү жана таза сууга элдин кошуулусун (подключения) камсыздоо боюнча кечиктирилгис чараларды көрүп иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге жүктөлсүн.

3.2026-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын алкагында белгиленген иш-чараларды толук жана өз мөөнөтүндө аткарууну, калктын социалдык муктаждыктарын чечүүгө, инфраструктураны өнүктүрүүгө жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө багытталган иштерди күчөтүүнү камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөт башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

**Төрайым** **Г Чыныбаева**